КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛАСТЫ
СОКУЛУК РАЙОНУ
З.КАЙНАЗАРОВА АТЫНДАГЫ АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
СОКУЛУКСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ АЙЫЛЬНОГО
АЙМАКА ИМЕНИ З.КАЙНАЗАРОВОЙ

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

10-октябр 2025-ж № 9/5 Чат-Кель айылы

## Дем берүүчү (үлүштүк) гранттардын долбоорун бекитүү жана каражаттарды бөлүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 21-апрели № 230 “Дем берүүчү (үлүштүк) гранттардын эсебинен долбоорлорду тандоо жана каржылоо жөнүндө жобону жана Долбоорорду даярдоо жана ишке ашыруу боюнча нускманы бекитүү тууралуу” токтомунун негизинде, З. Кайназарова атындагы айыл өкмөтүнүн башчынын орун басары - жооптуу катчысы Асанканов У.Э. « А. Куттубаев атындагы орто мектебинин имаратындагы спортзалын капиталдык ондоо» долбоору жөнүндө маалыматын угуп жана талкуулап, З.Кайназарова атындагы айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. 2026-жылга дем берүүчү (үлүштүк) гранттар боюнча бюджеттин долбоору 4055445 (төрт миллион беш жүз элүү төрт миң төрт жүз кырк беш) сом, анын ичинен өздүк салым 1216634 (бир миллион эки жүз он алты миң алты жүз отуз төрт) сом өлчөмүндө бекитилсин.
2. З. Кайназарова атындагы айыл өкмөтүнүн башчысы А.К. Жумашалиевге:
- 2026-жылдын бюджетин түзүүдө бул долбоорду эске алсын;
- долбоорду даярдоого жана ишке ашырууга кеткен чыгымдарды жергиликтүү бюджеттен бөлсүн.
3. Токтомду каттоо жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Юстиция Министрилигине жөнөтүлсүн;
4. Бул токтомдун аткарылышын өз көзөмөлүмө калтырам.

**Төрага** **Э.Б. Ибраимов**